УДК 338. 43

А.М.Ташбаев, К.Т.Самиева
К.ф-м.н., доц. ОшТУ, к.э.н., ст. преп. ОшТУ
A.M.Tashbaev, K.T.Samieva
C.ph-m.s., associate prof. OshTU, c.e.s., senior teacher OshTU

## АЗЫК ТҮЛҮК БАЗАРЫН ӨНҮКТҮРҮҮНҮ БОЖОМОЛДООДОГУ МЕТОДИКАЛЫК ЫКМАЛАР

*Макалада азык түлүк базарынын өнүгүүсүн божомолдоонун негизги экономикалык -математикалык методдору каралган.*

*Негизги сөздөр:экономикалык жана математикалык методдор, азык түлүк базары.*

## FOODS MARKET DEVELOPMENT FORECASTING TECHNIQUES

*In this article given information about food market forecasting economic development - mathematic methods.*

*Key words: economic and mathematical methods, the food market.*

Экономиканынтигил же бул маселелерин, анын ичинде азык түлүк базарынын келечегин божомолдоону математиканын жана кибернетиканын жардамы менен чечүүнүн ыкмалары экономикалык-математикалык методдордун негизинде ишке ашырылат. Алардын уңгусу катары экономика-математикалык моделдер түзүп, тагыраак айтканда системаларды изилдөөнүн жүрүшүндө түрдүү элементтердин ортосундагы логикалык жана сандык байланыштарды (көз карандылыктарды) аныктоо үчүн экономикалык процесстерди, кубулуштарды жана маселелерди математикалык каражаттар менен баяндап жазуу болуп эсептелет.

Математикалык моделдердин жардамы менен алардын өз ара байланышынын жана шартталуусунун экономикалык процесстеринин негизги касиеттерин туюнтат. Экономикалык тигил же бул процесстин модели изилденүүчү объектинин оозеки, графикалык, математикалык ж.б. түрдүү элестетип көрсөтүүнүн жардамы менен даярдалат. Экономикалык процесстерди, алардын ичкиорганикалык байланыштарын сапаттык жана сандык жагынан анализ жүргүзүүгө мүмкүндүк берүүчү бир кыйла универсалдуу модель катары математикалык модель эсептелет.

Бул эң алды менен белгилүү жана иликтенүүчү параметрлердин ортосундагы зарыл чектөөлөрдү, өз ара байланыштарды математикалык баяндап жазуучу тендемелердин, барабарсыздыктардын тутумун жана эң ыңгайлуу (оптималдуу) вариантты тандап алууда тиешелүү натыйжалуулуктун критерийи катары саналуучу максаттык функцияны камтыйт. Эсептеп чыгарылуучу маселенин милдеттүү элементи катары накта ресурстар, пландоонун шайкештиги же өзгөчө шарттар, факторлор менен аныкталып көрсөтүлүүчү чектөөлөр саналат[1,2].

Экономикалык процесстин математикалык моделин сандык эсептеп чыгаруу өзгөрүлмө белгисиз чоңдуктардын маанилерин (алгоритмди түзүүдө аларды аныктап белгилөө үчүн) табууну болжойт. Пландоонун жана башкаруунун көп сандаган маселелерин эсептеп чыгарууда эң мыкты иш-аракеттердин программасын тандоо менен алдыга коюлган максатка жетишүү үчүн математикалык программалоо (сызыктуу жана сызыктуу эмес) колдонулат. Ал төмөндөгүдөй эки багытка ажырайт: биринчи багыты математикалык программалоонун нугунда түзүлгөн маселелердин детерминделишин камтыйт да, баштапкы маалыматтар толугу менен такталат; экинчи

багыты болсо стохастикалык программалоого таандык. Мында маалымат белгисиздик элементтерин камтыйт да, анын кээ бир параметрлери туруксуздугу менен айырмаланат. Мисалы, агрофирманын иш-аракеттерин баштапкы пландоо, көбүнчөсү толук эмес маалыматтын негизинде жүргүзүлөт [3].

Сызыктык программалоо экстремалдык маселелердин теориясын жана методдорун берилген чондуктун максималдуу же минималдуу көрсөткүчүн, белгилүү бир көрсөткүчтүн түпкү маанисин табуу маселелерин камтыйт. Мисалы, азык түлүк базарында эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн максимумун, пайданын же өздүк нарктын минимумун табууда колдонсо болот. Экономикалык маселелердин көпчүлүгү адатта экстремалдуу болуп саналат. Оптималдаштыруу маселесин коюу үчүн пландалуучу объектини (процессти, кубулушту) сапаттуу деңгээлде изилдеп тактоо, анын өнүгүшүнүн мүмкүн болуучу багыттарын ачуу, иш-аракетте болушу үчүн зарыл негизги факторлорду аныктоо жана пландуу чечимдерди кабыл алууда жетекчиликке алуу талап кылынган критерийлерди аныктоо керек.

Ушундай жыйынтыктоонун негизинде оптималдуулук критерийин туюнтуучу, пландын тиешелүү варианттарын жана максаттык функцияны тактай турган чектөөлөр системасын камтуучу объектинин экономикалык-математикалык модели калыптанат. Тиешелүү маселенин чыгарылышы берилген чектөөлөрдөгү максаттык функциянын эң чоң эң же кичине маанисин математикалык программалоо методунун жардамында табылат. Жыйынтыгында пландын, божомолдун мүмкүн болуучу варианттарынан критерий менен кабыл алынган багыттар боюнча эң мыктылары тандалып алынат.

Э к с т р а п о л я ц и я м е т о д у.Методикалык нукта алып караганда азык түлүк базарынын тигил же бул объектисинин өнүгүү процессинин божомолун даярдоодо экстраполяциянын схемасы башкы аспабы катары эсептелет. Божомолдонуучу объектинин өткөн, азыркы туруктуу өнүгүүсүн иликтөөнүн негизинде, анын келечегин аныктоого мүмкүнчүлүк түзүлөт . Бул ич ара формалдуу жана божомолдук экстраполяцияга ажырайт. Мында формалдуу түрү божомолдонуучу объектинин калыптануусун сактоого жана азыркы абалын өнүктүрүүгө ыктоонун негизинде каралат. Божомолдоо болсо анын өнүгүү деңгээлинин изилденүүчү процесстин динамикасы тууралуу гипотезасына түрдүү факторлордун келечегине тийгизүүчү таасирин эске алуу менен жүргүзүлөт. Эң башкысы экстраполяция методун азык түлүк базарын өнүктүрүүнү божомолдоонун баштапкы баскычында негизги көрсөткүчтөрдү колдонуу туура жыйынтык чыгарууга көмөктөшөт. Бул өз кезегинде экономикалык багытын өзгөртүү тенденциясын аныктоого, алдын ала тийиштүү иштиктүү чара көрүүгө мүмкүнчүлүк түзүлөт.

И м и т а ц и я л ы к м о д е л д ө ө м е т о д у – бул реалдуу шартка туура келүүчү тигил же бул процесстерди толугу менен моделдөөнү ишке ашырууга колдонулуучу мыкты методдордун бири катары эсептелет. Мунун жардамында каралуучу объектинин иш процессиндеги тиешелүү параметрлеринин арбындыгына карабастан, бардыгын тестирлөөдөн өткөрүүнүн негизинде иликтөө жүгүзүүгө болот. Аны жүзөгө ашыруу үчүн кубаттуу компьютердик технология колдонулат жана атайын программалык камсыздоо талап кылынат [4].

Бул моделдөө методу өлкөнүн, региондун социалдык-экономикалык жактан өнүгүүнүн, анын ичинде азык түлүк базарынын эң керектүү көрсөткүчтөрүн аныктоонун кыйла натыйжалуу методдорунун бири катары эсептелет. Ушундан улам имитациялык моделдөө методу, кандайдыр бир объектинин ишин аналитикалык методдорду пайдалануунун негизинде чечүү бир топ татаалдык кылса же анын алдын ала белгиленген шарттарына туура келбеген учурда колдонулат.

Албетте мындай моделдөөгө өндүрүштүк, маалыматтык, транспорттук, логикалык системалардын ж.б. объектилерине колдонуу кыйла натыйжалуу экендиги практикалык жактан эчак эле далилденген. Мунун негизине системалык иликтөөнүн методологиясын пайдалануу мүмкүнчүлүгү колдонулушу имитациялык моделдөөнүн эң мыкты жагын толук ырастайт. Бул долбоорлонуучу же кандайдыр бир чарбалык каралуучу системаны

операциялык иликтөөнүн схемасы боюнча талдоого мүмкүнчүлүк берет дагы бири экинчисине байланыштуу баскычтарды камтыйт. Буларга төмөнкүлор кирет: алдыга коюлган милдеттер; концептуалдык моделди иштеп чыгуу; имитациялык моделдин концептуалдык үлгүсүн даярдоо; имитациялык моделди белендөө жана программалык ишке ашыруу; моделдин адекваттуулугун текшерүү жана моделдөөнүн жыйынтыгынын бааланышын текшерүү; эксперимент жасоону пландаштыруу; чечим кабыл алуу.

Имитациялык моделдөөнү даярдоо процесси төмөнкүдөй бир катар элементтерди камтыйт: реалдуу система; моделденүүчү объектинин логикалык-математикалык модели; имитациялык (машиналык) модели; имитацияны ишке ашыруучу ЭЭМ (1-сүрөт).




1-сүрөт. Имитациалык изилдөө жүргүзүүнүн баскычтары

Азык түлүк базарын өнүктүрүүнүн божомолун иштеп чыгуу дагы бир топ баскычты камтыйт жана кыйла чиеленишкен татаал система болуп эсептелет. Ушундан улам социалдык-экономикалык, илимий-техникалык, инновациялык-технологиялык багыттарды камтый турган мындай олуттуу маселени туура чечүү үчүн түрдүү методдорду колдонууга туура келет.

Божомолду даярдоонун жүрүшүндө колдонулуучу методдордун, бир жагынан өз алдынча баскан жолу, калыптанган өзгөчөлүгү болсо, экинчи жагынан убакыт өткөн сайын саны өсүп жатат. Алсак, мындан 87 жыл мурун В.А Базаров. (1928-ж.) божомолду иштеп чыгууга колдонуучу үч методду: экстраполяция, аналитикалык модель жана эксперттөө сунуштаса, азыр булардын жалпы саны 150 дөн ашкандыгын бышыктаган маалыматтар экономикалык илимий адабияттарда көрсөтүлгөн. Бирок, иш жүзүндө булардын 15-20 чактысы эле колдонулуп жүрөт [1-3].

Азык түлүк базарын өнүктүрүүнү божомолдоого керектелүүчү методдор ич ара формалдашпаган жана формалдаштырылган деп эки топко ажыратылат. Мунун биринчи топтогуларына жеке эксперттик баалоолор, жааматтык эксперттик баалолор жана сценария жазуу ж.б. кирет дагы, логикалык ой толгоого негизделет. Көбүнчөсү базардын тигил же бул объектисин божомолун даярдоо процессинде изилдөөгө өтө эле көп фактор тартылган учурда, алардын тийгизүүчү таасирин эсепке алуу кыйындаганда же өтө эле жөнөкөй объекти болуп, божомолун түзүүдө эсеп-кысап жүргүзүү оңой болгондо керектелет.

Формалдаштырылбаган методдордун ичинен буга чейин топтолгон тажрыйбага ылайык, түрдүү жаратылыш байлыктарын натыйжалуу пайдаланууну эсептөөдө, экономика секторлорунун, илимий-техникалык прогресстин, инновациялык технологиянын божомолдорун ж.б. аныктоодо эксперттик баалоо методу арбын колдонулат.

Формалдаштыруу методунун курамына учурда экстраполяция жана моделдөө методдору кирет. Методикалык нукта алып караганда экономика секторлорунун божомолун даярдоонун негизги аспабы, адистердин талдоосу боюнча, экстраполяциянын схемасы эсептелет[5].

Программалык–максаттуу метод. Салыштырмалуу бул жаңы жана жеткиликтүү иликтене элек метод катары эсептелет. Бирок кийинки мезгилде экономика секторлорун өнүктүрүүнүн келечегин божомолдоо иштерине кеңири пайдаланып келүүдө. Бул көп жагынан нормативдик, балансалык, экономикалык-математикалык методдор менен тыгыз байланыштуу.

Азык түлүк базарын өнүктүрүүнү божомолдоонун нугунда, анын натыйжалуу жолдорун аныктоо жана чечүүнүн каражаттарын, ресурстарын камсыз кылуунун негизинде керектөөнүн жыйынтыкталуучу көрсөткүчтөрүнө чейинки белгиленген планды иштеп чыгууда бул методду кеңири колдонууга болот. Эң башкысы, методдун жардамында божомолдоонун жана пландоонун башкы багыттык принцибин ишке ашырууга мүмкүнчүлүк түзүлөт.

Божомолдоонун жыйынтыгы азык түлүк базарынын келечекте өнүгүшүнүн божомолун даярдоодо олуттуу орунду ээлейт. Тажрыйба көрсөткөндөй божомол менен пландын ортосунда кесе тактлаган чек жок деп белгилөөгө толук негиз бар. Чындыгында божомолду кандайдыр бир пландын бүдөмүгү, ал эми планды божомолдун такталган үлгүсү катары кароого туура келет. Ошол эле учурда божомол пландан олуттуу айырмаланат. Анткени план тигил же бул чечимди кабыл алууда жана тиешелүү чараларды ишке ашырууда тандап алуу элементтери бар экендиги менен өзгөчөлөнөт.

Корреляциялык–регрессиялык жана имитациялык моделдөөнүн комплекстүү методу азык түлүк базарынын келечектеги өнүгүүсүнүн божомолун даярдоодо олуттуу орунду ээлейт. Мындай ыкма иштин жүрүшүндө божомолдоонун инерциялык методу менен бириктирилет дагы төмөнкүдөй багыттагы иштер аткарылат: мааниси жагынан олуттуу факторлор тандалып алынат жана баалоо ишке ашырылат; регрессиялык теңдеме калыптандырылат; теңдемелик регрессияны жана божомолдоого тиешелүү факторлордун келечектүү маанисин пайдалануу менен эсеп-кысабы жүргүзүлөт; ишке ашырылуучу сценарийдин жүрүшүндөгү тиешелүү факторлорунун тийгизүүчү таасирин жана ал факторлордун өзгөрүлүшүн эске алууда имитациялык моделдөөнү колдонууга мүмкүнчүлүк түзүлөт.

Заманбап экономикада божомолдоонун эң эле келечектүү стратегиялык методдордун бири – эконометрикалык моделдөө, бул жерде жыйынтыктоочу көз каранды чоңдук менен факторлордун көп кырдуу себептүү байланыштарын математикалык аппараттардын негизинде статистикалык маалыматтарды иштеп чыгуу болуп эсептелет. Акыркы убакта биздин өлкөдө бул методду экономикада колдонууга көбүрөөк көңүл бурулууда. Моделдөө божомолдонуучу объекттин үзгүлтүксүз жана бир кылка эмес өсүүсүн эске алууга мүмкүндүк берет жана фукционалдык, чекиттик жана болжолдуу интервалды баалайт [6,7].

Азыркы учурда өтө татаал математикалык эсептөөлөр компьютердик техниканы колдонуу менен ишке ашырылууда. Эконометрикалык моделдөөнүн жетишсиз жагы-божомолдонуучу объектинин формалдаштырылбаган анализин эске ала албаганы болуп эсептелет.

Эконометрикалык моделдер жөнөкөйлөтүүнү талап кылбайт дагы, туура эмес эсептөөлөргө дагы жол бербейт жана бир эле убакта көп сандаган факторлор менен иштөөгө шарт түзөт. Эконометрикалык моделдердин дагы бир жетишсиз жагы- эсептөөнүн чондугу жана узактыгы.

Экономикалык процесстерди изилдөөдө эконометрикалык моделди колдонуу натыйжалуу аспаб катары каралат жана төмөндөгүдөй жалпы талаптарды канааттандырат:

- экономикалыктеориянынзакондорунуннегизиндеболупжатканпроцесстинобъективдүү закон ченемдүлүктөрүнчагылдырат;

- берилгенфункцияныжанаконкреттүүэкономикалыксистеманы так көрсөтөт;

- талапкылынганэкономикалык-математикалыкшарттаргатууракелет.

Мындантышкарыэконометрикалыкмоделдинжардамыменен божомолдоо - божомолдоонунметоддорункомплекстүүпайдалануупринцибинаныктайт.

Илимий иликтөө ишинде белгилүү болгондой божомолдоо өлкөнүн жалпы экономикасын, экономиканын секторлорун же анын региондорун камтыйт. Ошондой эле бир эле убакта демографиялык, экологиялык, илимий-техникалык, тышкы экономикалык жана социалдык системаларды камтыган экономиканын эң негизги болгон секторлорун бир учурда божомолдоого болот.

Демек, экономикалык процесстерди натыйжалуу талдоодо жана божомолдоодо, экономикалык системаларды моделдөөдө эконометрика эң орчундуу ролду ээлейт. Эконометрикалыкмоделдердиннегизиндечечилетурганмаселелергетөмөнкүлөркирет:

- экономикадагыстатистикалык мыйзамченемдүүлүктөрдүтабуужанаанализдөө;

-табылганэмпирикалыкэкономикалыккөзкарандылыктынэконометрикалыкмоделин түзүү.

Өлкөнүн региондорунун социалдык-экономикалык абалын эконометрикалык моделдердин жардамы менен божомолдоого колдонуу экономиканын туруктуу өсүүсүндө көбүрөөк натыйжалуу болот. Ошол эле учурда бул методду эксперттик баалоо методу менен биргеликте колдонуп, болуп жаткан тышкы чөйрөдөгү олуттуу өзгөрүүлөрдүн туура келүүчүбожомолун түзүүгө болот. Ошондой эле региондордогу татаал экономикалык процесстер эконометрикалык моделдердин жардамы менен издилдениши чоң сандагы теңдемелерди камтышы мүмкүн.

Экономикалык системаларды анализдөөдө жана божомолдоо эконометрикалык моделдерди төмөнкүдөй класстарга бөлүп кароо бир кыйла ылайыктуу [6,7]:

1.Бир теңдемелүү регрессиялык моделдер. Мындай моделдерде көз каранды өзгөрмө, көз каранды эмес өзгөрүлмөгө (фактордук) карата функция болуп эсептелет. Эконометрикалык моделдер бир факторлуу жана көп факторлуу топторго бөлүнөт. Бир факторлуу моделдер бир өзгөрүлмөдөн көз каранды болгон теңдеменин жардамы менен божомолдук моделди түзүүгө жардам берет жана жалпы түрдө төмөндөгүдөй көрсөтүлөт:

$$y_t = f(x_t)$$

у – көз каранды өзгөрүлмө, $x_t$ - көз каранды эмес өзгөрүлмө (фактор).

2. Көп факторлуу моделдер көптүк факторлуу регрессиянын теңдемеси аркылуу аныкталат, б.а. эки же андан ашык көз каранды эмес өзгөрмөлөрдү байланыштыруучу теңдемелер. Көптүк регрессиянын теңдемесин түзүүдө төмөндөгүдөй функция колдонулат:

$$y=f(x_1,x_2,\dots,x_m)$$

у - көз каранды өзгөрүлмө; $x_1,x_2,\dots,x_m$ - көз каранды эмес өзгөрүлмөлөр (факторлор).

Көп факторлуу моделдер бир факторлуу модель сыяктуу ар кандай типтеги функциялардын жардамы менен берилет. Ал эми функциянын тибине карата моделдер сызыктуу жана сызыктуу эмес болуп ич ара бөлүнөт.

Бир теңдемелүү регрессиялык моделдерди божомолдоодо колдонууда биринчи баскычында өзгөрмөлөрдүн көз карандылыгынын тиби аныкталат. Кийинки баскычта көз каранды эмес факторлорго карата божомолдоо түзүлөт. Андан ары көз каранды эмес факторлордун божомолдук маанилеринин негизинде божомолдоонуучу объектиге карата божомолдоо алынат. Мисалы, шарттуу эконометрикалык моделдерде региондук дүң продукциянын У чоңдугу негизги капиталга сарпталган инвестициянын Х көлөмүнөн көз каранды – бул бир фактордуу регрессиялык модель болуп эсептелет: У = f(X).

Ошондой эле региондун социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө таасир тийгизүүчү параметрлерди (өндүрүштүн көлөмү, иштелип чыгуучу продукциянын көлөмү, инвестиция,

соода ж.б.) анализдөөдө көп факторлуу регрессияны колдонууга болот. Региондун ички дүң продукциясынын көлөмүнө таасир тийгизген тигил же бул региондун өздөрүнө тиешелүү негизги элементтери болот. Региондук божомолдоодо негизгипараметрлерге карата божомолдукмааниниалуунегизгишартболупэсептелет.

Демек, республиканын, анын региондорунунэконометрикалыкмоделдеририрегрессиялыктеңдемелердинсистемасынан же өзүнчөтеңдемелердиннегизиндетүзүлөт. Региондордоэкономикалыкпроцесстерди, анын ичинде азык түлүк базарынжөнгөсалуудажанабожомолдоодо эконометрикалыкмоделдеркийинки мезгилде ийгиликтүүколдонулууда.Албетте изилденүүчүпроцесстер тез өзгөрүлүп кетсе башкача жыйынтык чыгып калышы дагы ыктымал.

Учурдагы базар мамилелеринин шартында региондордун экономикасын изилдөөдө, тагыраак айтканда азык түлүк базарын өнүктүрүүдө эконометрикалык моделдөө кеңири колдонулуп келүүдө.

Регионалдык азык түлүк базарынын эконометрикалык моделдерин түзүүнүн негизги багыты болуп өндүрүштүк функцияны, инвестициялык функцияны, суроо талаптын кирешеден жана баадан көз карандылыгын, айлык акынын деңгээлинен көз каранды болгон эмгектин өндүрүмдүүлүгүн аныктоо жана башка региондун деңгээлин аныктоочу моделдерди түзүү болуп эсептелет. Акыркы мезгилде региондун ички дүң продукциясынын, дүңүнөн пайдалануунун көрсөткүчтөрүнө таянып региондук макро түзүлүштөгү моделдерди даярдоо кеңири таралууда.

Эконометрикалык моделдерди түзүүнүн татаалдыгы көз каранды жана көз каранды эмес өзгөрүлмөлөрдү тандоо, өз ара байланыштарын аныктоо, ошондой эле түзүлгөн моделдин адекваттулугун аныктоо болуп эсептелет.

Эконометрикалык моделдердин тактыгы аркылуу региондук социалдык-экономикалык процесстердин, айталык азык түлүк базарынын айрым багыттарын божомолдоого натыйжалуу колдонулууда. Андыктан эконометрикалык моделдер региондук социалдык-экономикалык системаны бүтүндөй эмес, болуп жаткан экономикалык процесстердин жана кубулуштардын өз ара байланышын божомолдоого багытталган.

Эконометрикада бирден-бир өнүгүп келе жаткан багыттардын бири болуп ар кандай моделдердин негизинде алынган божомолдоо методдорун комбинациялоо өзүнчө алынган моделге салыштырмалуу божомолдун тактыгын жогорулатат. Андыктан агрардык сектордун азык түлүк базарын божомолдоонун жана анализдөөнүн жыйынтыгын алдыга коюлган максатка ылайык чыгарууда жогоруда иликтенген түрдүү моделдердин өзгөчөлүктөрүн айкалыштыруу кыйла үзүрлүү жыйынтык берет.

Кыргызстандын азык түлүк базарын келечекте өнүктүрүүнүн негизги көрсөткүчтөрүнүн божомолун даярдоодо методикалык жактан төмөнкүдөй жагдайларды жеткиликтүү эске алуу зарыл: агрардык сектордун курамындагы айыл чарба өндүрүшүн жана кайра иштетүүчү өнөр жайынын учурдагы абалын иликтөөнү, келечектеги өнүгүүнү божомолдоону республика, ошондой эле анын ар бир региондору боюнча даярдоо; божомолдоону тиешелүү методдорду колдонуунун негизинде түрдүү варианттарын жасоо; агрардык комплекстин негизги багыттарын божомолдоонун методунун анык көрсөткүчтөрүн даярдоонун негизинде варианттарын иштеп чыгуу аркылуу ишке ашыруу.

Өлкөнүн, анын региондорунун азык түлүк базарын келечектеги стратегиялык өнүктүрүүнүн методикалык жактан божомолун даярдоонун үч: жайбаракат, ылдамдоо жана кыйла ыкчамдоо варианты иштелип чыккан. Бул варианттардын негизин төмөнкүлөр түзөт.

А л г а ч к ы в а р и а н т ы ж а й б а р а к а т. Мында агрардык сектордун айыл чарба тармактарынын жана кайра иштетүүчү өнөр жайынын өнүгүү абалы көрсөтүлөт. Келечекте булардын башкы багыттары негизинен анчалык өзгөрбөй тургандыгы аныкталат. Андыктан, экономиканын бул олуттуу секторунда чарба акырындык менен өнүгүп, азык түлүк базарындагы товарлардын көлөмү мурдагыдан бир азга эле көбөйө тургандыгы күтүлөт.

Э к и н ч и в а р и а н т ы ы л д а м д о о. Алгачкы вариантка караганда мында республиканын,

анын региондорун мамлекеттик өнүктүрүү стратегиясына ылайык агрардык сектордун башкы багыттарын өнүктүрүүнү божомолдоонун көрсөткүчтөрүн бир топ жакшыртуу жана кошумча акча каражатын бөлүү, ошондой эле инвестиция тартууну ыкчамдатуу, инновациялык экономиканын жетишкендиктерин кеңири колдонуу жагын күчөтүү белгиленет.

Ү ч ү н ч ү в а р и а н т ы к ы й л а ы к ч а м д о о. Мында негизги багыт республиканын, анын региондорунун айыл чарбасын, айрыкча тамак аш өнөр жай тармагын өнүктүрүүнү, инновациялык экономиканын, технологиялык процесстердин жетишкендиктерин колдонууну күчөтүү жагына, ошондой эле калкты экологиялык жактан таза азык түлүк товарлары менен камсыздоону нормативдик негизде ишке ашыруу, экспорттолуучу азык түлүктүн көлөмүн кыйла арбытып, импортту азайтуу жагына олуттуу көңүл бөлүнөт.

Өлкөнүн, анын региондорунун азык түлүк базарын өнүктүрүү боюнча даярдалган божомолунун жыйынтыгын баалоо жана анын социалдык-экономикалык жактан өнүгүүгө тийгизүүчү таасирин аныктоо үчүн төмөнкүдөй көрсөткүчтөрдү пайдалануу талап кылынат: тийиштүү аймактын азык түлүк базарындагы атаандаштыктын деңгээли; ылайыктуу баада сатылуучу, сапаттуу азык түлүк товарлары менен камсыздалышы; айыл чарба продукцияларына жана азык түлүк түрлөрүнө карата баанын туруктуулугу; жергиликтүү өндүрүлгөн азык түлүктүн сапаты жана атаандаштык жөндөмдүүлүгү; агрардык секторго инвестициялык каражаттардын тартылышынын өлчөмү жана өндүрүлгөн продукциянын жалпы көлөмү; айыл чарба сырьелорун кайра иштетүүчү ишканалардын кубаттулугу; азык түлүк базарын тейлөөчү кадрлардын сапаттык деңгээли жана аны жакшыртуунун жолдору; азык түлүк базарынын инфраструктурасынын сандык, сапаттык абалы жана калктын соода жайлары менен камсыздалышы; даярдалган айыл чарба сырьесунун экспортко жөнөтүлүүчү үлүшү; инновациялык технологияны колдонуу жагынын деңгээли.

Иликтөө көрсөткөндөй агрардык секторду тийиштүү деңгээлде өстүрүү, анын ичинде азык түлүк базарын талапка ылайык, план ченемдүү, бир калыпта, тынымсыз жол менен өнүктүрүү, туура уюштуруу, мамлекеттик деңгээлде жөнгө салуу бир топ татаал иштин бири катары эсептелет. Муну туура чечүү үчүн пландаштыруунун калыптанган методологиясынын негизинде, агрардык секторду өнүктүрүүнүн мүмкүн болуучу вариантын негиздөөнү, экономикалык өсүшкө таасирин тийгизүүчү факторлорду жана шарттарды толук эсепке алуу менен азык түлүк базарын өнүктүрүүнүн келечегин божомолдоого варианттык ыкманы билгичтикте пайдаланууга тыгыз байланыштуу.

**Адабияттар**:


1.Экономико-математические методы и прикладные модели. Учебное пособие для вузов/ В.В. Федосеев, А.М. Бармаш, Д.М. Дайырбеков и др. ; Под. ред. В.В.Федосеева.- М: ЮНИТИ, 1999.-391 стр.

2.Исследование операций в экономике. Учебник пособие для вузов./ Н.Ш.Кремер, Б.А.Путко, И.М.Пришин, Ф.Н.Фридман, Под. ред. Проф. Н.Ш.Кремера- М.: Банки и биржи, ЮНИТИ, 1999-407 стр.

3. Иванов П.В., Ткаченко И. В. Экономико-математическое моделирование в АПК: Учебное пособие.- Ростов н/Д: Феникс, 2013.- 254 с.

4.Рыманов Л. Механизм совершенствования ценовых отношений в сельском хозяйстве //Л.Рыманова. АПК: экономика, управление. - 2011. - №5 - С. 42-48.

5. Казаченко Л.Д. Национальная экономика: учебное пособие. / Л.Д. Казаченко, Е.С. Баранова. - Чита: Изд-во ЧитГУ.- 2004. - 162 с.

6.Эконометрика: учебник для студентов вузов / Н.Ш. Кремер, Б. А. Путко; под ред. Н. Ш. Кремера.-3-изд., перераб. и доп.- М.: ЮНИТИ-ДАНА, 2010.-328с.

7. Эконометрика: учебник / под ред. И. И.Елисеевой.- М.: Финансы и статистика,2002.-344 с.